# Сабактын темасы:   Ата Мекеним

| Сабактын максаты: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
| --- | --- |
| **Билим берүүчү максаты:** Окуучулар Ата Мекен жөнүдө маалымат алышат. Жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт. | ➢ Ата Мекен деген эмне экендигин айтып беришсе<br>➢ Жаңы сөздөрдүн маанисин ачып беришсе |
| **Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Таанып-билүүгө болгон кызыгуулары, өз алдынча иштөө жана ой жүгүртүү көндүмдөрү өнүгөт. | ➢ Сөздөрдү кайталоо менен сөз айкаштарын түзө алышса<br>➢ Кыргызстан жөнүндө ирээттүү сүйлөй билишсе |
| **Таалим-тарбия берүүчү максаты:** Ата Мекенди сүйүү аны баалай жана коргой билүү сезимдери калыптанат | ➢ Башкаларга Мекенди сүйүү, баалоо, коргоо эмне экендигин түшүндүрө алышса |

**Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү**




**Колдонулуучу усулдар:** мээ чабуулу, сөздүк ыкма, көрсөтмөлүү ыкма, өз алдынча иштөө


**Колдонулуучу баалоо усулдары**: кол белгилери, сөздөрдүн жардамы менен баалоо(оозеки кайтарым байланыш), бири-бирин баалоо



**Сабакта пайдаланылуучу каражаттар:**

- Кыргыз Республикасынын гимни
- Кыргыз Республикасынын картасы;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туусунун жана гербинин сүрөттөрү;
- карточкалар, сүрөттөр, ак барактар, кайчы.

| Сабактын жүрүшү | | | Комментарийлер |
|---|---|---|---|
| **Мугалимдин ишмердиги** | | | |
| 1 | **Уюштуруу учуру:** | | |
| | Мугалим окуучулар менен саламдашат.<br>Мугалим балдардын сабакка даярдыгын: дептерди, калем сапты , окуу китебин текшерет. | | |
| 2 | **Сабакка жагымдуу сезим, багытын берүү:** | | |
| | Кыргыз Республикасынын гимни | | Ак мөңгүлүү аска тоолор, талаалар,<br>Элибиздин жаны менен барабар.<br>Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,<br>Сактап келди биздин ата-бабалар.<br>Алгалай бер, кыргыз эл,<br>Азаттыктын жолунда.<br>Өркүндөй бер, өсө бер,<br>Өз тагдырың колуңда. |
| 3 | **Үй тапшырмасын текшерүү:**<br>Мугалим окуучуларга берилген тапшырманы окуп берүүсүн суранат.<br>Класстагы ар бир катардан 2-5 окуучуну сураса болот.<br>Мугалим суралган окуучуларга баалоо белгилерин таратып турат.<br>Үй тапшырмасын класстер менен жыйынтыкталат. | С-1 |  |
| 4 | **Максат коюу:**<br>Балдар, бүгүн биз үчүн өтө маанилүү теманы өтөбүз.<br>Төмөнкү жомокко көңүл бургула. Мугалим жомокту айтып берет, окуучулар айтылгандын негизинде теманы аныктоого аракет кылышат. | | |

<table>
<tr><td></td><td>Мугалим балдардын оюн угуу менен жомок Мекенге байланыштуулугун айтып жаңы сабактын темасы менен окуучуларды тааныштырат.</td><td>С-2</td><td>
</td></tr>
<tr><td></td><td>Мугалим:<br>Сабактын максатын окуучуларга жакшылап түшүндүрөт, себеби максатка жетүү үчүн окуучулар сабактын максаты менен таанышып түшүнүшү керек.</td><td>С-3</td><td>
</td></tr>
<tr><td></td><td>Сабактын аягында окуучулар төмөндөгү күтүлүүчү натыйжага ээ болсо сабак максатына жетти дейбиз</td><td>С-4</td><td>
</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Жаңы теманы окуп-үйрөнүү: Урматтуу окуучулар сабагыбыздын максатына жана кандай күтүлүүчү натыйжага ээ болорубузду түшүнүп алдык.<br>Анда эмес ар бириңер слайддагы сүйлөмдү барагыңарга өз алдыңарча толуктап жазгыла.<br><br>Ата-Мекен-бул ………………………………………………………………………<br><br>Окуучулар барактарына ар кими өз алдынча жазып чыгышат.</td><td>С-5</td><td>
</td></tr>
<tr><td></td><td>Жазып бүткөнүңөр кагазыңарды партаңардын четине коюп койгула.<br>Сабактын аягында өзүңөрдүн жазганыңар боюнча ой-пикириңер өзгөрдүбү</td><td></td><td>Окуучулар мурунку билимин жаңы билимди алгандан кийин салыштыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | салыштырабыз. | | болот (диагностикалык баалоо) |
| | Балдар бүгүнкү темабыздагы жаңы сөздөр менен таанышалы. Окуучулар экрандагы жаңы сөздөрдү хор менен окушат. Сөздүк менен иштөө. Мугалим окуучулардан китептеги сөздүктү окуусун суранат. | С-6 |  |
| | Мугалим балдарга рахмат айтып кийинки этапка өтөт. Балдар азыр китептеги текст менен иштейбиз. Мен силерге тексти окуп берем, ал эми силер ар кимиң мени менен кошо китептеги текстке көз салып отургула. Мугалим экрандагы слайддар менен тааныштырат. | С-7-8 |   |
| | Мугалим окуучулардын активдүүлүгүн күчөтүү жана жаңы текстти ачып берүү үчүн түгөйлөштүрүп иштөөгө өтөт. Ар бир окуучу эки-экиден болуп мугалим тарабынан берилген тапшырманын үстүнөн иштешет***. Окуучулар 3 минутанын ичинде түгөйлөрдүн бири областка мүнөздөмө берсе экинчиси берилген сүрөткө сүйлөм түзөт.***<br>***Мугалим бул ишке 10 минут убакыт берет.*** | С-9 |  |
| | Мугалим убакыт өткөндөн кийин ар бир түгөйдү катары менен доскага чыгарат. Алар экрандагы картаны карап өз областына мүнөздөмө бере башташат. Ар бир жуп 2 минутадан сүйлөш керек. | | |
| 5 | **Физкульт минут**<br>Мугалим көнүгүү жасатат. | | Окуучулардын көнүгүү жасашы. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***Мугалим окуучуларга төмөнкү тапшырманы берет. Урматтуу балдар, силер экрандагы сүрөттү көрүп турасыңар, эми бул сүрөткө мүнөздөмө бергиле, тапшырманы аткарууда тексти пайдалансаңар болот. 1-катардын иш-аракети.*** Кыргызстанда 6 млн.дон ашуун калк бар. 100дөн ашуун улуттун өкүлү жашайт. Биз, кыргыздар, орустар, казактар, өзбектер, тажиктер, дунгандар, уйгурлар, украиндер жана башка этностор-баарыбыз Кыргызстандын бирдиктүү элин түзөбүз. Биз бөлүнбөстөн мен кыргызстандыкмын деп айтышыбыз керек. | С-10 |  |
| | | | |
| | ***2-катар жана 3-катардын ишмердүүлүгү.*** Кыргызстандын жаратылышы кооз, кен байлыкка бай өлкө. Жылына миңдеген эс алуучулар келишет. Биз Кыргызстан дүйнөдө татыктуу, келечеги кең өлкө экендигин далилдеп аларга татыктуу меймандостукту көрсөтүшүбүз керек. | С-13, С-14 |   |
| | Балдар, биздин күнөстүү Ата Мекенибиз боюнча жалпы маалымат алдык. Силер өз Ата Мекениңер менен сыймыктанасыңарбы? Кана кимиңер Ата Мекенге арналган ыр айтып бересиңер. | С-15 | Окуучулар Ата Мекен жөнүндө билген ырын айтышат. Бул окуучулардын каалоосу менен. |
| 6 | **Бышыктоо:** Балдар баракчаңарды ачкыла. Силердин жазганыңар азыркы өткөн менен байланыштыбы? 1 минута ойлонгула жана өз оюңарды айтып бергиле. | | Окуучулар барактагысын окуп, өткөн тема менен салыштырып оюн толукташат. |
| | Эгерде биз Ата Мекенибизди сүйсөк анда ар кимиңер бир баракты алып жүрөкчө жасап мекенге болгон каалооңорду жазгыла. Ар бир жүрөкчө барагын доскадагы Кыргызстандын картасына жабыштырып койгула. Рахмат балдар, силер жазган каалоолор ишке ашсын деп тилек кылалы. Анда эмесе бүгүнкү сабагыбызды жыйынтыктайлы. | С-16 | |
| 7 | **Баалоо:** Окуучуларга берилген балдык белгилер аркылуу бүгүнкү сабакка активдүү катышкандар бааланат жана бааңар журналга коюлат. | | |
| 8 | **Үй тапшырмасы:** Ар кимиң жөндөмдөрүңөргө жараша Ата Мекен жөнүндө кызыктуу уламыш, аңгеме окуп, сүрөт тартып келгиле же класстер түзүп келгиле. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Мугалим окуучуларга сабакка активдүү катышкандыктарына рахмат айтып жакшы тилектерди каалап коштошот. | | Барактарын окуучулар партфолиосуна салып коюшу керек. |